12. Долбоорду жана Эстеликтер орнотулуучу ордун макулдашууда төмөнкү талаптар коюлат:

1) Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин, "Кыргыз Республикасынын шаар куруу мыйзамдарынын негиздери жөнүндө", "Кыргыз Республикасынын шаар куруу жана архитектура жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык келүү;

2) Эстеликти жер участогуна жайгаштырган учурда учурдагы шаар куруу кырдаалын, айланадагы курулуштарды жана шаар куруу мүмкүнчүлүктөрүнө жараша жайгаштырууну милдеттүү эсепке алуу;

3) мемориалдык тактанын өлчөмү жайгаштырылуучу маалыматтын көлөмү менен аныкталат жана орнотулуп жаткан имаратка, курулушка, курулмага шайкеш келүүгө, бирок 900*600 мм өлчөмүнөн ашпоого тийиш;

4) мемориалдык такта жерден эки метрден кем эмес бийиктикте, жакшы көрүнгөн жерге орнотулууга тийиш;

5) Эстеликтерди жайгаштырууда мурда орнотулган объектердин болушу эске алынат жана алардын ортосундагы аралык 1000 метрден кем эмес радиуста сакталат.

13. Эстеликтер белгиленген тартипте макулдашылган жеке дизайн долбоорлор боюнча материалдардан (табигый таш, металл, эритме, тышкы таасирлерге туруштук берген башка материалдардан) жасалат.

14. тарыхый окуянын мааниси, инсандын сиңирген эмгеги же баатырдын маанилүүлүгү мемориалдык тактада көркөм аткарылган мамлекеттик жана расмий тилдердеги кыскача текстте чагылдырылат. Чет тилиндеги жазууну колдонууга жол берилбейт.

15. Мемориалдык тактадардын композициясына тексттен тышкары унутулгус окуяларды, декоративдик элементтерди чагылдырган портреттик же стилдештирилген сүрөттөлүштөр киргизилиши мүмкүн.

## 4. Эстеликтерди сактоонун жана эсепке алуунун тартиби

16. Имаратка, курулушка жана курулмага орнотулган мемориалдык такта анын ажырагыс көркөм-архитектуралык элементи болуп саналат.

Оңдоо иштери тактага алган кийин имараттардын фасаддары талаптагыдай абалда сакталууга тийиш.

17. Семетей айыл аймагында жайгашкан эстеликтер муниципалдык башкарууга өткөрүп берген учурда муниципалдык кызматтар тарабынан андан ары учурдагы күтүү үчүн курулушу бүткөн Эстеликти тиешелүү кабыл алуу-өткөрүү берүү акты менен кабыл алуу жол-жобосу милдеттүү.

Семетей айыл аймагында орнотулган Эстеликтер жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын муниципалдык менчиктеги башкарууга өткөрүлүп берилет, алар эсепке алат, бирдиктүү реестр түзөт, белгиленген эстеликтерди коргоону, күтүүнү жана оңдоону жүзөгө ашырат.

Төрага [signature] Т.У.Джапаркулов

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
МАНАС РАЙОНУ
СЕМЕТЕЙ АЙЫЛДЫК
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
МАНАССКИЙ РАЙОН АЙЫЛНЫЙ
КЕҢЕШ СЕМЕТЕЙСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Семетей айыл аймагынын айылдык кеңешинин 4-кезектеги сессиясынын токтому**

**ТОКТОМ №45**

30-июль 2024-жыл Покровка айылы

**Семетей айыл аймагындагы ичүүчү таза сууну пайдалануу жана таштандыларды ташып чыгаруу үчүн бирдиктүү тарифтерди белгилөө жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29-декабрындагы №370 "Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү жөнүндө" Жарлыгын жана Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 34-беренесине ылайык, "Семетей" МИ жетекчиси К.Узенбековдун ичүүчү таза сууну пайдалануу үчүн жана таштандыларды ташып чыгаруу үчүн бирдиктүү тарифтерди белгилөө зарылдыгы жөнүндөгү өтүнүчүн айылдык кеңеш карап, талкуулап

**токтом кылат:**

1. Семетей айыл аймагындагы (Арал, Кайынды, Чеч-Дөбө, Бала-Саруу, Жайылган, Кара-Арча, Сегет) айылдарындагы ичүүчү таза сууну пайдалануу үчүн жана Семетей айыл аймагында таштандыларды чыгаруу үчүн бирдиктүү тарифтер төмөндөгүдөй бекитилсин.

**2. Ичүүчү таза сууну пайдалануу үчүн ар бир түтүнгө 1 айга – 150сом**

**Таштандыларды (ТБО) ташып чыгаруу үчүн 1 айга 1 түтүнгө- 50 сом**

**Той-кана, соода борборлорго 1айга-1500сом**

**Чакан дүкөн, павильон, контейнерлерге 1жумага -100 сом**

**Токтомго баш ийбей, таза сууну туура эмес колдонгондорго (бак суугарып ж.б) жана таштандыларды ыргыткандарга штраф 5000сом**

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айыл өкмөтүнүн башчысы К.Рыскуловго жана "Семетей" МИ жетекчиси К.Узенбековго жүктөлсүн.

**Төрага** **Т.У.Джапаркулов**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
МАЙАС РАЙОНУ
СЕМЕТЕЙ АЙЫЛДЫК
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
МАНАССКИЙ РАЙОН АЙЫЛНЫЙ
КЕҢЕШ СЕМЕТЕЙСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Семетей айыл аймагынын айылдык кеңешинин 4-кезектеги сессиясынын токтому**

**ТОКТОМ №46**

30-июль 2024-жыл — Покровка айылы

**Лед экран жөнүндө**

Учурдагы замандын талабы, тышкы жарнактарды берүү үчүн лед (LED) экранды Манас районунун борбору Покровка айылына алып орнотуу жөнүндөгү өкмөт башчысы К.Рыскуловдун кайрылуусун айылдык кеңеш карап, талкуулап

**токтом кылат:**

1. Учурдагы замандын талабы, тышкы жарнактарды берүү үчүн лед (LED) экранды Манас районунун борбору Покровка айылына алып орнотуу үчүн жергиликтүү бюджеттин эсебинен 1 000 000сом акча каражаты бөлүнсүн.

2. Социалдык экономикалык бөлүмүнүн башчысынын убактылуу милдетин аткаруучу С.Шукуралиевага тиешелүү акча каражаты менен камсыз кылуу жагы милдеттендирилсин.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Семетей айыл өкмөтүнүн башчысы К.Р.Рыскуловго тапшырылсын.

**Төрага** — **Т.У.Джапаркулов**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>МАНАС РАЙОНУ<br>СЕМЕТЕЙ АЙЫЛДЫК<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>МАНАССКИЙ РАЙОН АЙЫЛНЫЙ<br>КЕҢЕШ СЕМЕТЕЙСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Семетей айыл аймагынын айылдык кеңешинин 4-кезектеги сессиясынын токтому**

**ТОКТОМ №47**

30-июль 2024-жыл Покровка айылы

**Интерактивдүү панелдерди алуу жөнүндө**

Семетей айыл аймагында жайгашкан жалпы жана негизги орто билим берүүчү 8 мекемеге мамлекетибиздин келечеги болгон жаш муундарга заман талабына ылайык сапаттуу билим берүүнү жогорулатуу максатында, ар бир мекемеге бирден интерактивдүү панелдерди алуу жөнүндө мектеп директорлорунун кайрылуусун айылдык кеңеш карап, талкуулап

**токтом кылат:**

**1.** Семетей айыл аймагында жайгашкан жалпы жана негизги орто билим берүүчү 8 мекемеге мамлекетибиздин келечеги болгон жаш муундарга заман талабына ылайык сапаттуу билим берүүнү жогорулатуу максатында, ар бир мекемеге бирден интерактивдүү панелдерди алуу үчүн жергиликтүү бюджеттин эсебинен 2 000 000сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.

**2.** Социалдык-экономикалык бөлүмүнүн башчысынын убактылуу милдетин аткаруучу С.Шукуралиевага чечелүү акча каражаты менен камсыз кылуу жагы милдеттендирилсин.

**3.** Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Семетей айыл өкмөтүнүн башчысы К.Р.Рыскуловго тапшырылсын.

**Төрага** **Т.У.Джапаркулов**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
МАНАС РАЙОНУ
СЕМЕТЕЙ АЙЫЛДЫК
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
МАНАССКИЙ РАЙОН АЙЫЛНЫЙ
КЕҢЕШ СЕМЕТЕЙСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Семетей айыл аймагынын айылдык кеңешинин 4-кезектеги сессиясынын токтому**

# ТОКТОМ №48

30-июль 2024-жыл Покровка айылы

**"Эр-Манас" спорт клубунун кайрылуусу жөнүндө**

Покровка айылынын "Эр-Манас" спорт клубунун күрөш боюнча окуучу өспүрүм балдарды "Дени сак улут дени сак өлкө" аттуу Ысык-Көл облусунда болот турган турнирге даярдык көрүү жөнүндөгү клубдун машыктыруучусу А.Нуркуловдун кайрылуусун карап, талкуулап айылдык кеңеш

**токтом кылат:**

1. "Эр-Манас" спрот клубунун машыктыруучусу А.Нуркуловдун кайрылуусу канааттандырылсын.

2. "Дени сак улут дени сак өлко" аттуу Ысык-Көл облусунда болот турган турнирге даярдык көрүү максатында жергиликтүү бюджеттин эсебинен 50 000сом акча каражаты бөлүнсүн.

**2.** Социалдык-экономикалык бөлүмүнүн башчысынын убактылуу милдетин аткаруучу С.Шукуралиевага тиешелүү акча каражаты менен камсыз кылуу жагы милдеттендирилсин.

**3.** Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Семетей айыл өкмөтүнүн башчысы К.Р.Рыскуловго тапшырылсын.

**Төрага** **Т.У.Джапаркулов**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
МАНАС РАЙОНУ
СЕМЕТЕЙ АЙЫЛДЫК
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
МАНАССКИЙ РАЙОН АЙЫЛНЫЙ
КЕҢЕШ СЕМЕТЕЙСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Семетей айыл аймагынын айылдык кеңешинин 4-кезектеги сессиясынын токтому**

## ТОКТОМ №49

30-июль 2024-жыл Покровка айылы

**Айылды инвестициялоонун үчүнчү долбоорунун (COVID-19га жооп кайтаруу) алкагында кошумча каржылоо" (АИД-КК) долбоорунун алкагында Семетей айыл аймагынын ишмердүүлүгү жөнүндө**

2021-жылдын 20-октябрындагы Кыргыз Республикасынын №123 "Жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 27-беренесине ылайык, АИ-3 КК долбоорунун алкагында айылдык аймакта аткарылган иштери боюнча Семетей айыл аймагынын АКИА АК төрайымы М.Рахматилдеванын маалымат-отчетун угуп, талкуулап айылдык кеңеш

**токтом кылат:**

1. АИ-3 КК долбоорунун алкагында айылдык аймакта аткарылган иштери боюнча Семетей айыл аймагынын АКИА АК төрайымы М.Рахматилдеванын маалымат отчету кабыл алынсын.

2. Семетей айыл өкмөтүнүн башчысы К.Рыскулов АКИАны жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү иш аракеттерине киргизүү жөнүндөгү сунуштары даярдап берилсин.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Семетей айыл өкмөтүнүн башчысына жана айылдык кеңештин маданий жана социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссиясына милдеттендирилсин.

**Төраға** **Т.У.Джапаркулов**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
МАНАС РАЙОНУ
СЕМЕТЕЙ АЙЫЛДЫК
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
МАНАССКИЙ РАЙОН АЙЫЛНЫЙ
КЕҢЕШ СЕМЕТЕЙСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Семетей айыл аймагынын айылдык кеңешинин 4-кезектеги сессиясынын токтому**

**ТОКТОМ №50**

30-июль 2024-жыл — Покровка айылы

**Акча каражатын жылдыруу жөнүндө**

Семетей айыл өкмөтүнүн 2024-жылдын сметасынын 1-2-кварталында 70629-бөлүмүнүн 3111-беренесинен 6188,9 миң сомду жана ошондой эле, мурунку административдик имаратка көмүр үчүн каралган 2224-беренесинен 100,0 миң сом акча каражатын жаңыдан курулуп жаткан 75 орундуу бала-бакчага +100,0 миң сом, 2222-беренесине учурдагы чарбалык максаттар үчүн предметтерди жана материалдарды сатып алууга+300,0 миң сом жана 3112-беренесине +320.0 миң сом акча каражатын жылдыруу жөнүндөгү Семетей айыл өкмөтүнүн башчысы К.Рыскуловдун кайрылуусун угуп, талкуулап айылдык кеңеш

**токтом кылат:**

**1.** 70629-бөлүмүнүн 3111 беренесинен 6188,9 миң.сом акча каражатын жылдуу жөнүндөгү Семетей айыл өкмөтүнүн башчысы К.Рыскуловдун кайрылуусу канааттандырылсын.

**2.** Семетей айыл өкмөтүнүн чыгаша сметасында акча каражатынын жетишсиздигине байланыштуу төмөнкү бөлүмдөргө:

70111бөлүмдүн 3112-беренесине +250.0 миң сом
70862-бөлүмдүн 2215-беренесине +300.0 миң сом
70862-бөлүмдүн 2222-беренесине +250,0миң сом
70865-бөлүмдүн 3112-беренесине +802,0 миң сом
70911-бөлүмдүн 2218-беренесине +226,9 миң сом
70911-бөлүмдүн 2222-беренесине +300.0 миң сом
70911-бөлүмдүн 3112-беренесине +320.0 миң сом
70921-бөлүмдүн 2224-беренесине +100.0 миң сом
70921-бөлүмдүн 2215-беренесине +200,0 миң сом
70921-бөлүмдүн 2221-беренесине +800,0 миң сом
70921-бөлүмдүн 2222-беренесине +200,0 миң сом
70921-бөлүмдүн 3112-беренесине +2000.0 миң сом
70923-бөлүмдүн 2222-беренесине +440.0 миң сом

70111бөлүмдүн 2224-беренесинен 100.0 миң сомду 70911-бөлүмдүн 2224-беренесине +100,0 миң сом жылдырылып берилсин.

**3.** Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айыл өкмөтүнүн башчысы К.Рыскуловго тапшырылсын.

Төрага — **Т.У.Джапаркулов**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
МАНАС РАЙОНУ
СЕМЕТЕЙ АЙЫЛДЫК
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
МАНАССКИЙ РАЙОН АЙЫЛНЫЙ
КЕҢЕШ СЕМЕТЕЙСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

---

**Семетей айыл аймагынын айылдык кеңешинин 4-кезектеги сессиясынын токтому**

**ТОКТОМ №51**

30-июль 2024-жыл — Покровка айылы

**Кошумча акча каражаты жөнүндө**

Семетей айыл өкмөтүнүн 2024-жылдын 2-кварталында айыл чарба жерлерин пайдалануу үчүн жер салык кирешесине республикалык бюджеттен түшкөн 1732.0мин сом максаттуу тарнсферттин, киреше жана чыгаша бөлүктөрүн бекитүү жөнүндөгү Семетей айыл өкмөтүнүн башчысы К.Рыскуловдун кайрылуусун угуп, талкуулап айылдык кеңеш

**токтом кылат:**

1. Семетей айыл өкмөтүнүн башчысы К.Рыскуловдун кайрылуусу канааттандырылсын

**2.** 7011-бөлүмүнүн 2214-беренесине 100.0 мин сом
7011-бөлүмүнүн 2215-беренесине 300,0 мин сом
70629-бөлүмүнүн 2214-беренесине 200.0 мин сом
70629-бөлүмүнүн 2215-беренесине 200,0 мин сом
70629-бөлүмүнүн 2222-беренесинен 300,0 мин сом
70921-бөлүмүнүн 2222-беренесине 200,0 мин сом
70862-бөлүмүнүн 2215-беренесине 432,0 мин сом
Жалпы 1732,0 сом жылдырылып берилсин.

**3.** 2024-жылдын 2-кварталынын киреше салыгынан (1111100) - 2000.0 мин сом, патенттен (1112300) -1000,0 мин.сомго жылдык киреше бөлүмүнөн жана чыгаш бөлүмүнүн 70629 - разделдин 3111-беренесинен – 3000,0 мин.сомго кыскартылсын.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айыл өкмөтүнүн башчысы К.Рыскуловго тапшырылсын.

**Төрага** **Т.У.Джапаркулов**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ТАЛАС ОБЛУСУ**<br>**МАНАС РАЙОНУ**<br>**СЕМЕТЕЙ АЙЫЛДЫК**<br>**АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**МАНАССКИЙ РАЙОН АЙЫЛНЫЙ**<br>**КЕҢЕШ СЕМЕТЕЙСКОГО**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Семетей айыл аймагынын айылдык кеңешинин 4-кезектеги сессиясынын токтому**

**ТОКТОМ №52**

30-июль 2024-жыл Покровка айылы

**Жобону бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 24-февралындагы №54 Жарлыгынын угуп, талкуулап айылдык кеңеш

**токтом кылат:**

1. Семетей айыл аймагында "Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп-адаттарын тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Президентинин №54 Жарлыгынын негизинде жобо бекитилсин.

2. Түзүлгөн комиссия курамы жобонун негизинде иш алып барсын.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Семетей айыл өкмөтүнүн башчысы К.Рыскуловго милдеттендирилсин.

**Төрага** **Т.У.Джапаркулов**

**Семетей айылдык кеңешинин**
**2024-жылдын 30-июлундагы**
**№52 токтому**
**менен бекитилди**

**Семетей айылдык кеңешинин, Кыргыз Республикасынын Президентинин, Кыргыз Республикасында үй – бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп-адаттарын тартипке келтирүү жарлыгы жөнүндө**

**ЖОБОсу**

1. Жалпы жоболор
2. Семетей айылдык кеңеши тарабынан белгиленген үй – бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп-адаттарын тартипке келтирүү
3. Комиссиянын функциялары
4. Комиссиянын ишин камсыз кылуу
5. Комиссияга жетекчилик кылуу жана ишин уюштуруу

**I. Жалпы жоболор**

1.1. Семетей айылдык кеңеши алдындагы Кыргыз Республикасынын Президентинин "Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп-адаттарын тартипке келтирүү жөнүндө" Жарлыгы боюнча комиссия (мындан ары-комиссия) ысырапкерчиликке жол бербөөнүн алдын ала карап чыгуу, коомдук баа берүү үчүн түзүлүп жана уюштуруу иштерин алып барат.
1.2. Комиссия Семетей айылдык кеңеши алдында иштейт жана анын комиссиянын төрагасынын, жооптуу катчысынын жана он эки мүчөсүнүн курамында бекитилет. Комиссиянын курамы Семетей айыл өкмөтүнүн кызматкерлеринен мекеме уюмдун жетекчилеринен, массалык маалымат каражаттарынын жана коомчулуктун өкүлдөрүнөн түзүлөт.
1.3.Комиссиянын курамы айыл өкмөтү тарабынан буйрук менен бекитилет жана мүчө катары ар бир айылга, Семетей айылдык кеңешинин депутаттары макулдашуу менен киргизилет.
1.4.Комиссия Кыргыз Республикасынын Конституциясын, Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыктардын жана буйруктарын, Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарын, Кыргыз Республикасынын Президентинин "Кыргыз Республикасында үй – бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп-адаттарын тартипке келтирүү жөнүндө" Жарлыгын жетекчиликке алат.

**2. Семетей айылдык кеңеши тарабынан белгиленген Кыргыз Республикасынын Президентинин, Кыргыз Республикасында үй – бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп-адаттарын тартипке келтирүү**

2.1. Семетей айылдык аймагында майыт чыккан жерде мал союлбасын жана дасторкон

жайылбасын.

2.2. Аялдарга таркатуу үчүн бүтүн мата, жыртыш же жүз аарчуулар, конфет, печенье, желпек ж.б. берилбесин. Майытка мата, килем жабуу токтотулсун.

2.3. Майыт чыккан жерге килем, мата кече, каробка алып келүү токтотулсун.

2.4. Майыт коюлуп келип куран окулгандан кийин жергиликтүү эл таркатылсын жана майыттын жумалыгы, жетилиги, кыркы, элүү эки күнү, ашы мал союу менен өткөрүлбөстөн, жакындары менен гана жөнөкөй тартипте өткөрүлсүн.

2.5. Жамааттарда өтүүчү кудайы тамактар, маарекелер, Нооруз майрамдары жана жалпы жамаат менен уюшулган маарекелер жалпы тартипте ысырапкерчиликке жол берилбей өткөрүлсүн.

2.6. Үйлөнүү үлпөттөрү, кыз узатуу тойлору, тушоо кесүү, бешик той, жээнтек той, сүннөт той, там той, туулгандыгы боюнча даталуу күндөрдү өткөрүү, мектеп бүтүрүүчүлөрүнүн жолугушуулары ж.б. той тамашалар ашыкча ысырапкерчиликке жол бербей, 250 адамдан ашпастан өткөрүлсүн.

2.7. Айыл өкмөттөрү социалдык мекеме жайларынын, көпүрө-жолдордун, социалдык үй-бүлөлөрдүн, жардамга муктаждардын тизмелерин соопчулук иштерин жүргүзүүчүлөр үчүн тактап даярлап, сунуштасын.

2.8. Дин кызматкерлери майыт чыккан жерде, нике кыюуда жана башка иш чараларда өз милдеттерин так аткаруу менен үй ээсинин ысырапкорчулукка жол бербөөсүн талап кылсын.

### 3. Комиссиянын функциялары

3.1 Комиссиялар төмөндөгүдөй функцияларды жүзөгө ашырат.

3.2. Семетей айылдык кеңеши Кыргыз Республикасынын Президентинин, Кыргыз Республикасында үй бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп-адаттарын тартипке келтирүү жарлыгы боюнча келип түшкөн арыздарды карайт;

3.3. Кыргыз Республикасынын Президентинин, Кыргыз Республикасында үй – бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп-адаттарын тартипке келтирүү жарлыгын жана администрациянын жобосун аткарбаган муниципалдык кызматчыларга Покровка айылдык кеңеши сунуштама берет;

3.4. Семетей айылдык кеңеши Кыргыз Республикасынын Президентинин, Кыргыз Республикасында үй – бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп-адаттарын тартипке келтирүү жарлыгын аткарбай, каяша айтып, тескери үгүт жүргүзгөн жарандарга сунуш кылат;

### 4. Комиссиянын ишин камсыз кылуу

4.1 Комиссия төмөндөгүлөргө укуктуу:

4.2 Комиссиянын иши анын кеңешмесине бардык мүчөлөрүнүн үчтөн экиси катышкан

учурда ыйгарымдуу деп эсептелет;

4.3 Комиссиянын чечими кеңешмеге катышкан комиссиянын мүчөлөрүнүн көпчүлүгүнүн добушу менен кабыл алынат;

4.4 Семетей айылдык кеңеши комиссия карап жаткан маселелер боюнча материалдарды жана документтерди сурайт.

4.5 Отурум жыйналышына мамлекеттик жана мамлекеттик эмес органдардын, эмгек жамааттарынын жана жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрүн жана каралып жаткан маселеге тиешеси бар өкүлдөрдү чакыра алат.

## 5. Комиссияга жетекчилик кылуу жана ишин уюштуруу

5.1 Комиссияга анын төрагасы жетекчилик кылат.
5.2 Комиссиянын жыйналышын зарылчылыгына жараша, бирок айына бир жолудан кем эмес өткөрүлөт. Жыйналышты комиссиянын төрагасы алып барат, ал жокто комиссиянын төрагасынын орун басары алып барат.
5.3 Комиссиянын чечимине протокол жазылат жана кабыл алынган чечим комиссиянын төрагасы жана анын катчысынын колу менен бекитилет;
5.5 Семетей айылдык кеңеши Кыргыз Республикасынын Президентинин, Кыргыз Республикасында үй – бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп-адаттарын тартипке келтирүү жарлыгы боюнча тарыхтык чара күбөлөндүрүлүп, каттоо № коюлуп, буйрук менен бекитилет.
5.6 Комиссиянын жыйналышы үчүн материалдарды даярдоо жана кабыл алынган чечимдер боюнча комиссиянын жооптуу катчысы ишке ашырат.

## 6. Жобонун талаптарын бузгандыгы үчүн жоопкерчилик.

6.1 Семетей айылдык аймагында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана илгеркүгү эске алуу ырым жырымдарды өткөрүү боюнча жобонун талабын бузгандык үчүн Кыргыз Республикасынын укук бузуулар жөнүндө кодексинде, жергиликтүү жамааттын уставына жана айылдын ички мыйзамдарына жана эрежелеринде каралган (элдик курултай, айылдык жыйындар, жергиликтүү кеңеш тарабынан кабыл алынган) айып пулдарын өлчөмдөрү, салынган айыптарды төлөө мөөнөтү жана тартиби каралат.

Төрага Г.У.Джапаркулов

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
МАНАС РАЙОНУ
СЕМЕТЕЙ АЙЫЛДЫК
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
МАНАССКИЙ РАЙОН АЙЫЛНЫЙ
КЕҢЕШ СЕМЕТЕЙСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Семетей айыл аймагынын айылдык кеңешинин 4-кезектеги сессиясынын токтому**

**ТОКТОМ №53**

30-июль 2024-жыл

Покровка айылы

**Спорт зал жөнүндө**

Покровка айылынын М.Кояшев көчөсүнүн батыш жагындагы административдик имарат, күрөш залына акча каражатын бөлүп берүү жөнүндөгү Семетей айылдык кеңешинин төрагасы Т.Джапаркуловдун кайрылуусун айылдык кеңеш карап, талкуулап

**токтом кылат:**

1. Покровка айылынын М.Кояшев көчөсүнүн батыш жагындагы административдик имарат, күрөш залын оңдоп-түзөп, душтү калыбына келтирүү максатында жергиликтүү бюджеттин эсебинен 300 000сом акча каражаты бөлүнсүн.

2. Социалдык-экономикалык бөлүмүнүн башчысынын убактылуу милдетин аткаруучу С.Шукуралиевага тиешелүү акча каражаты менен камсыз кылуу жагы милдеттендирилсин.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Семетей айыл өкмөтүнүн башчысы К.Р Рыскуловго тапшырылсын.

**Төрага** **Т.У.Джапаркулов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ТАЛАС ОБЛУСУ**
**МАНАС РАЙОНУ**
**СЕМЕТЕЙ АЙЫЛДЫК**
**АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**
**МАНАССКИЙ РАЙОН АЙЫЛНЫЙ**
**КЕҢЕШ СЕМЕТЕЙСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Семетей айыл аймагынын айылдык кеңешинин 4-кезектеги сессиясынын токтому**

## ТОКТОМ №54

30-июль 2024-жыл Покровка айылы

**Семетей айыл аймагына караштуу комиссияларынын**
**резерв курамын бекитүү жөнүндө**

Манас аймактык Шайлоо комиссиясынын резервдик комиссия курамын бекитүү жөнүндөгү кайрылуусун айылдык кеңеш карап, талкуулап

**токтом кылат:**

Семетей айыл аймагына караштуу төмөндөгү шайлоо участкаларындагы жаңы түзүлгөн резервдик комиссиянын курамын бекитилсин:

Алар

1. 6002 Кайыңды участкалык шайлоо комиссиясынын резервине талапкерлердин курамы бекитилсин.
2. 6003 Арал участкалык шайлоо комиссиясынын резервине талапкерлердин курамы бекитилсин.
3. 6004 Кара-Арча участкалык шайлоо комиссиясынын резервине талапкерлердин курамы бекитилсин.
4. 6005 Сөгөт участкалык шайлоо комиссиясынын резервине талапкерлердин курамы бекитилсин.
5. 6006 Жайылган участкалык шайлоо комиссиясынын резервине талапкерлердин курамы бекитилсин.
6. 6007 Бала-Саруу участкалык шайлоо комиссиясынын резервине талапкерлердин курамы бекитилсин.
7. 6008 Бала-Бакча участкалык шайлоо комиссиясынын резервине талапкерлердин курамы бекитилсин.
8. 6009 Покровка участкалык шайлоо комиссиясынын резервине талапкерлердин курамы бекитилсин.
9. 6010 Лицей участкалык шайлоо комиссиясынын резервине талапкерлердин курамы бекитилсин. (талапкерлердин тизмелери тиркелет)
10. Токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жана Семетей айылдык кеңешинин жооптуу катчысына милдеттендирилсин

**Төрага** **Т.У.Джапаркулов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
МАНАС РАЙОНУ
СЕМЕТЕЙ АЙЫЛДЫК
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
МАНАССКИЙ РАЙОН АЙЫЛНЫЙ
КЕҢЕШ СЕМЕТЕЙСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Семетей айыл аймагынын айылдык кеңешинин 4-кезектеги сессиясынын токтому**

# ТОКТОМ №55

30-июль 2024-жыл Покровка айылы

**Ардактуу атуул наамын ыйгаруу жөнүндө**

Манас районуна караштуу Покровка айылынын тургуну М.Б.Дүйшебаевге Семетей айыл аймагынын "Ардактуу атуулу" наамын ыйгаруу жөнүндөгү сунушту айылдык кеңеш карап, талкуулап

**токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна эмгек сиңирген кызматкер. Кыргыз Республикасынын айыл чарбасынын отличниги төш белгисинин ээси. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин "Ардак грамотасынын" ээси, Муниципалдык кызматтын мыктысы Дүйшобаев Муктаназ Бошкоевичтин үзүрлүү көп жылдык эмгегин жана аймактын социалдык-экономикалык өнүгүшүнө кошкон салымы үчүн Семетей айыл аймагынын "Ардактуу атуулу" наамы ыйгарылсын.

2. Социалдык-экономикалык бөлүмүнүн башчысынын убактылуу милдетин аткаруучу С.Шукуралиевага "Ардактуу атуул" жазуу лентасы, төш белгиси жана күбөлүгүн даярдоо жагы милдеттендирилсин.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Семетей айыл өкмөтүнүн башчысы К.Р.Рыскуловго жүктөлсүн.

**Төрага** **Т.У.Джапаркулов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ТАЛАС ОБЛУСУ**
**МАНАС РАЙОНУ**
**СЕМЕТЕЙ АЙЫЛДЫК**
**АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**
**МАНАССКИЙ РАЙОН АЙЫЛНЫЙ**
**КЕҢЕШ СЕМЕТЕЙСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Семетей айыл аймагынын айылдык кеңешинин 4-кезектеги сессиясынын токтому**

# ТОКТОМ №56

30-июль 2024-жыл | Покровка айылы

**Семетей айыл өкмөтүнө караштуу муниципалдык менчик – "жашылчаларды жана жемиштерди кургатуу" боюнча кичи цехти ижарага берүү жана пайдалануу жөнүндө**

Кыргыз республикасынын Коомчулукту өнүктүрүү жана инвестициялоо агенттиги (АРИС) "Айылды инвестициялоонун үчүнчү долбоорун кошумча каржылоо" долбоорунун координатору М.Д.Досуевдин 2024-жылдын 16-июлундагы №05-592 катынын негизинде билдирүүнү угуп жана талкуулап, Семетей айылдык кеңеши

**токтом кылат:**

1. Семетей айыл аймагынын Покровка айылында Кыргыз республикасынын Коомчулукту өнүктүрүү жана инвестициялоо агенттиги (АРИС) "Айылды инвестициялоонун үчүнчү долбоорун кошумча каржылоо" долбоорунун алкагында Покровка айылында "жашылчаларды жана жемиштерди кургатуу" боюнча кичи цех ачылып жумуш орундары түзүлгөндүгү жана Кыргыз республикасынын Коомчулукту өнүктүрүү жана инвестициялоо агенттиги (АРИС) "Айылды инвестициялоонун үчүнчү долбоорун кошумча каржылоо" долбоорунун координатору М.Д.Досуевдин 2024-жылдын 16-июлундагы №05-592 каты көңүлгө алынсын жана канааттандырылсын.
2. Семетей айыл аймагынын Покровка айылындагы "жашылчаларды жана жемиштерди кургатуу" боюнча кичи цехти жабдуулары толугу менен бизнес – өнөктөшкө Алтымышбаева Ализа Калматаевна ИНН: 12603198300024, МКК217031, 27.09.2019 ж., убактылуу пайдаланууга ижара берүүгө макулдук берилсин.
3. Токтомдун аткарылышы Семетей айыл өкмөтүнүн башчысы К.Р.Рыскуловго жүктөлсүн.
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жана айылдык кеңешинин социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **Т.У.Джапаркулов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ТАЛАС ОБЛУСУ**
**МАНАС РАЙОНУ**
**СЕМЕТЕЙ АЙЫЛДЫК**
**АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**
**МАНАССКИЙ РАЙОН АЙЫЛНЫЙ**
**КЕҢЕШ СЕМЕТЕЙСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Семетей айыл аймагынын айылдык кеңешинин 4-кезектеги сессиясынын токтому**

**ТОКТОМ №57**

30-июль 2024-жыл — Покровка айылы

**Семетей айыл өкмөтүнө караштуу муниципалдык менчик – "жаңгакчаларды жана жемиштерди кургатуу" боюнча кичи цех жөнүндө**

Кыргыз республикасынын Коомчулукту өнүктүрүү жана инвестициялоо агентствосу (АРИС) "Айылды инвестициялоонун үчүнчү долбоорун кошумча каржылоо" долбоорунун координатору М.Д.Досуевдин 2024-жылдын 16-июлундагы №05-592 катынын негизинде билдирүүнү угуп жана талкуулап, Семетей айылдык кеңеши

**токтом кылат:**

1. Семетей айыл аймагынын Покровка айылында Кыргыз республикасынын Коомчулукту өнүктүрүү жана инвестициялоо агентствосу (АРИС) "Айылды инвестициялоонун үчүнчү долбоорун кошумча каржылоо" долбоорунун алкагында "жаңгакчаларды жана жемиштерди кургатуу" уюштурулуп, жумуш орундары түзүлгөндүгү жана Кыргыз республикасынын Коомчулукту өнүктүрүү жана инвестициялоо агентствосу (АРИС) "Айылды инвестициялоонун үчүнчү долбоорун кошумча каржылоо" долбоорунун координатору М.Д.Досуевдин 2024-жылдын 16 июлундагы №05-592 каты көңүлгө алынсын жана канааттандырылсын.
2. Муниципалдык мүлктү ижарага берүү боюнча тиешелүү Жобо 8-бөлүм менен толукталып бекитилсин.
3. Токтомдун аткарылышы Семетей айыл өкмөтүнүн башчысы К.Р.Рыскуловго жүктөлсүн.
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңешинин социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** — **Т.У.Джапаркулов**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
МАНАС РАЙОНУ
СЕМЕТЕЙ АЙЫЛДЫК
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
МАНАССКИЙ РАЙОН АЙЫЛНЫЙ
КЕҢЕШ СЕМЕТЕЙСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Семетей айыл аймагынын айылдык кеңешинин 4-кезектеги сессиясынын токтому**

**ТОКТОМ №58**

30-июль 2024-жыл — Покровка айылы

**Жаңы салына турган бала - бакчага ысым ыйгаруу жөнүндө**

Мурдагы Кайыңды айыл өкмөтүнүн имаратына жаңыдан салынып жаткан бала-бакчага ысым ыйгаруу жөнүндөгү Арал айылынын тургундарынын кайрылуусун айылдык кеңеш карап, талкуулап

**токтом кылат:**

1. Жаңыдан салынып жаткан бала-бакчага "Келечек" ысымы ыйгарылсын.

2. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Семетей айыл өкмөтүнүн башчысы К.Р.Рыскуловго тапшырылсын.

**Төрага** **Т.У.Джапаркулов**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
МАНАС РАЙОНУ
СЕМЕТЕЙ АЙЫЛДЫК
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
МАНАССКИЙ РАЙОН АЙЫЛНЫЙ
КЕҢЕШ СЕМЕТЕЙСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Семетей айыл аймагынын айылдык кеңешинин 4-кезектеги сессиясынын токтому**

**ТОКТОМ №59**

30 июль 2024-жыл — Покровка айылы

Бала – бакчанын штаттык бирдигин бекитүү жөнүндө

Арал айылындагы жаңы салынып жаткан "Келечек" бала-бакчасынын штаттык бирдигин бекитүү жөнүндөгү өкмот башчысы К.Рыскуловдун кайрылуусун айылдык кеңеш карап, талкуулап

**токтом кылат:**

1. "Келечек" бала бакчасы 3 тайпадан түзүлсүн, ар бир тайпада 25 (жыйырма беш) баладан бекитилсин, жалпысы 75 (жетимиш беш) бала менен толукталсын.

2. Манас райондук билим берүү башкармалыгынан штаттык бирдик суралсын.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Семетей айыл өкмөтүнүн башчысы К.Р.Рыскуловго тапшырылсын.

**Төрага** — **Т.У.Джапаркулов**